УДК 94(5)

Канаеваа Ш.К.
*К. Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ПАДЫША ӨКМӨТҮНҮН КОЛОНИЗАТОРДУК САЯСАТЫ

Падыша өкмөтүнүн Кыргызстанды каратуудагы максаты баскынчылык саясаты жер саясатынан башталган. Падышалык империялык түпкү тегин алсак 1896-1916-жылдардын мезгилинде Россиянын борбордук облустарынан орус дыйкандарын көчүрүп келүү башталган. 1916-жылы Жети-Суу облусунда жашаган 6 пайыз орус калкына айдоого жарактуу жерлердин 57,7 пайызы, ал эми жергиликтүү 17,34 пайыз элге 42,81 пайызы гана тиешелүү болгон.

Кыргыздардын бардыгы эле ошол кезде көчмөн болгон деген маалыматтар чындыкка шайкеш келбейт. Алардын арасында дыйканчылык менен алектенип күн көргөндөр да болгон. Колониялык мезгилде отурукташкандардын саны кыйла көбөйгөн. Мисалы, Пишпек уездинде XX-кылымдын башында 31886 кыргыз чарбасынан 29648 же 98 пайызы жер айдап, аштык эккен. Алар бул тармакты мал чарбасы менен катар өнүктүрүүгө жетишкен. Бирок ушундан көп узабай алар өз жерлеринен кол жууп, жерин Россиядан келгендер алып койгон. 1913-1916-жылдары кыргыздар казынанын жерин чек арага алууга аргасыз болушкан. Падышалык өкмөт тарабынан кыргыз жерлерин күч менен тартып алуу улантыла берген. Падышалык келгиндер башкармасы 1914-жылы Жети-Суу облусунан ыңгайлуу 4млн. теше жерди алуусу пландаштырылган.

Бул келгин орус дыйкандарына падышачылык жер үлүштөрүн арбын берүү менен салыктын түрлөрүнөн бошотулган. Маселен, ар бир дыйканга 30 тешеден (1 десятина - 1,2 га) жер бөлүнүп, 15 жылдык мөөнөткө салыктын түрлөрүнөн бошотулуп жана аларга акчалай ссуда (насыя) берилген.

Дыйканчылык кылууга оңтойлуу сугат жерлери жетишпегендиктен, жергиликтүү калктын нааразычылыгы күчөгөн. Кыргыздардын жерин тартып алуу, өзгөчө, Столыпиндик агрардык реформа мезгилинде күч алган. Себеби 1907−жылы Жети-Суу областында 289 миң теше жер орус дыйкандарына бөлүштүрүлүп, 1914-жылга карата бул облустун жергиликтүү калкы 4 млн. тешеден ашык жеринен айрылган.

Падыша өкмөтүнүн ачыктан-ачык жүргзгөн колониалдык саясатынын натыйжасында жергиликтүү эл жеринен ажырап жакырлана баштаган. Бул гана эмес падыша өкмөтүнүн алык-салык саясаты калктын турмушун оорлотуп, жакырланууга алып келген. Эмгекчи эл барган сайын ар кандай салыктарды төлөй албай карызга баткан. 1867-жылы Токмок жана Ысык-Кол уезддеринде кыргыз айылдарынын түтүн башына болгон эсеп боюнча комиссия иштей баштаган. Ал эми жаңы гана түзүлгөн волостук администрация салыктардын төлөнүшүн көзөмөлгө алган. Кыргыз эли, падышачылык үчүн уятсыздык менен таланып алынган обңект болуп эсептелинген. Түркстандагы орус-администрациясынын өкүлдөрү, алардын салык саясаты мамлекеттик казынаны толтурууга багытталган деп айтуудан

уялышкан эмес, Туркестан генерал-губернаторствосунун түзүлүшү менен жергиликтүү калктан ар түрдүү салыктар алынган. Биринчи мезгилдерде түтүн башына жана жерге болгон салык менен чогуу мурда Кокон хандыгындагы салык системасы - хараджж жана танап өкүм сүргөн. 1880-жылдары салыктын системасы аябай кенейген. К.К.Палендин айтуусу боюнча, көпчүлүк учурларда булар уезддик администрациянын көрсөтмөсүнүн негизинде болгон.

Кыргыз элинен алынган негизги салыктар болуп түтүн башына жана жерге болгон салык эсептелинген. 1868-жылдын «Жобо» боюнча түтүн башына 275 сом түтүн салыгы болгон. Жерге болгон салык ар бир адамдан 25 тыйындан алынган. 80-жылдары түтүн салыгы 4 сомго көбөйгөн. Ал эми жер салыгын чогултуу 1 сом 25 тыйынга жеткен.

1908-жылы Пишпек жана Пржевальск уезддеринен түтүн башына жер салыгын чогултуу төмөндөгү таблицадан көрүнгөн суммага жеткен.

| **Уезды** | **Количество кибиток** | **Сумма кибиточный подати в руб.** | **Сумма земских сборов в руб.** | **Обү.сумма сборов в руб.** |
|---|---|---|---|---|
| 1.Пишпек | 32623 | 130. 492 | 55459 | 185351 |
| 2. Пржевальск | 32747 | 130. 988 | 55669 | 186657 |
| | 65370 | 261.380 | 111128 | 372008 |

Кыргыз калкынан ушул уезддерден түтүн жана жер салыгын чогултуу гана жарым млн. сомго чейин жыйналган. Бүткүл салык системасы колониялык жана улуттук эзүүчүлүк мүнөздө болгон. Мындай оор абал жергиликтүү калктын падышалык бийликке карата наразычылыктын күчөшүнө алып келди. Кыргыз калкы жакшы жер-суусунан, жайыттардан ажыраган, мал багылуучу жерлер тартылып алынган. Мунун кесепети мал чарбасынын кедери кетиши жана кыргыз калкынын отурукташып, дыйканчылык кылуу мүмкүнчүлүксүз болгон. Жакырданган кыргыз кедейлери менен орто дыйкандары орус келгиндери үчүн да, ошондой эле кыргыз байлары жана манаптары үчүн да кул-бейтаптарды берип туруучу булакка айланган.

Жашоонун агымы менен кыйналган кыргыз эли үчүн жакшы жашоо келет деген үмүт-тилегинин ордуна коомдук жашоо турмуш бузулуп, жерлери тарып, анын натыйжасында, малдары жутта кырылып азайып, жакырданганы аз келгенсип, эр жеткен уулдарын согушка алышы жергиликтүү элдин акыркы үмүтүнө балта чапкан. Россия империясынын зулумчул саясаты оң таасирин тийгизбестигин түшүнгөн жергиликтүү калк колониялык эзүүгө каршы багытталган боштондук үчүн күрөшкө аттанышкан.

1916-жылдын 18-августунда Туркестан генерал-губернатору А.Н.Куропаткин аскер министри Д.С.Шуваевге Жети-Суу облусунун түштүгүндөгү көтөрүлүштүн чыгыш себептери тууралуу атайын Ташкенттен Петроградга телеграмма жөнөткөн. Анда Туркестан генерал-губернатору көтөрүлүштүн чыгышына фронтко аскерлерди жана жумушчуларды алууда элдин наразычылыгы болсо дагы эң эле негизги себеп, кылымдар бою жашап келе жаткан кыргыздардын жакшы жерлерине орус

келгиндери отурукташып, жаңы бийликтин тартибине наараазы болгон эл көтөрүлүшкө чыгууга аргасыз болгондугун ачык эле билгизишкен.

Колониялык эзүүнүн запкысы абдан жанына баткан эмгекчи эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшүнө көтөрүлүп чыгышкан. Айрыкча, боштондук кыймылдардын өсүп-өнүгүүсүндө мүнөзү, багыты максаты боюнча 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылдын Кыргызстан гана эмес, Орто Азиядагы боштондук кыймылдардын мейкиндигинде орду зор.

Адабияттар:

1. 1916-жылы Кыргызстандагы көтөрүлүш. - Б., 1996.
2. Абдрахманов Ж. Кыргыздардын1916-жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө. - Ф.: Кыргыз-мамбас, 1932.
3. Рыскулов Турар. 1916-жылдагы казактар менен кыргыздардын көтөрүлүшү жөнүндө. – Алматы, 1916.
4. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. - Ф.: Илим, 1967.
5. Бройдо Г.И. Восстание киргизов 1916 г. - Т., 1925.
6. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. - Б., 1993.
7. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - Б., 1992.